Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# Бул китепче шаарлардын жакшысы- Ош шаарынын өзгөчөлүгү жөнүндө (Бу Рисалеи хайрул-булдан Ош шехринин сыфаты)

**Которгон: Али Жусубалиев-**
**(PhD) ага окутуучусу**
**Ош МУнун теология факультетинин**

## Котормочудан эки ооз сөз

Ислам тарыхында хадистерди ойдон чыгаруу иш аракеттери көбүнчө хижрий жыл санактын орто чендеринен башталат. Мындай ойдон чыгарылган хадистер башка тармактарда колдонулуу менен бирге ар түрдүү аймак жана шаарлардын макталуусунда же каралануусунда да колдонулган. Мисалга М. Яшар Кандемир төмөнкүдөй ойдон чыгарылган хадисти берет: «Төрт шаар бейиш шаарларынан саналат. Алар: Мекке, Мадина, Кудус жана Дамаск. Төрт шаар дагы тозок шаарларынан. Алар дагы: Констанинополь, Тувана, Антакя жана Сана».[1] Мында кээ бир шаарлар макталган болсо, кээ бирлери болсо караланган. Ал эми кээ бир хадистердин да бир шаар же аймакты мактоо иретинде гана ойдон чыгарылгандыгын көрүүгө болот: «Аллах тааланын Хоросанаймагында Мерв (азыркы Түркмөнстандагы Мары шаары) деп аталган шаары бар. Ал жерди бир тууганым Зулкарнайн (а.с.) курган жана Узейр (а.с.) дагы ал жерде намаз окуган. Шарылдап аккан дайралары жана абдан кенен жери бар. Капкаларынын (дарбазаларынын) ар биринде кылычын кармап турган бир periште турат. Ал кыяматка чейин Мерв элин коргоп турат».[2]Хадис китептерине жана шаар тарыхтарын баяндаган китептерге дейре кирип калган мындай ойдон чыгарылган хадистердин пайда болуусунда албетте саясий, экономикалык, маданий жана башка кээ бир себептер роль ойногон. Ибн Асаакирдин таанымал «Тариху мадинату дымашк» аттуу эмгеги өз ичине мына ошондой ойдон чыгарылган хадистерди башкача айтканда Дамаск шаарын мактаган хадис рываяттарын камтыган чыгарма болуп саналат. Төмөндө биз которгон Ош шаарын мактаган хадис рываяттарын өз ичине алган эмгек да, дал жогорудагыдай ойдон чыгарылган

[1] Караңыз. М. Яшар Кандемир, **Мевзу Хадислер**, Анкара 1980, 50-б.
[2] М. Яшар Кандемир, аталган эмгек, 50-б.

хадистерди баяндайт. Ош шаары тууралуу Чагатай тилинде жазылган чыгарманын толук аталышы мындай: «Бу рисалейи хайрул булдан Ош шехрини сыфаты». Ал эми мунун кыргыз тилинде мындай берүүгө болот: «Бул китепче шаарлардын жакшысы-Ош шаарынын өзгөчөлүгү (жөнүндө)». Сөзүмдү көп узатпастан аталган китепченин кыргызчасын окурмандарга сунуштоо туура деп ойлойм.Айта кетчү нерсе котормонун жаралуусунда кымбаттуу агайыбыз Профессор Исмаил Хаккы Үналдын «Шехирлерин фазилетийле илгили уйдурма хадислер ве «хайрул-булдан» рисалеси» аттуу макаласы негиз болду.[1]

**Китепченин толук тексти**

Бисмиллахир-рахмаанир-рахийм

Бул китепче шааралардын жакшысы Ош шаарынын өзгөчөлүгү (сапаты) жөнүндө болмокчу. Рываят кылышкандай бул хадисти Имран Ибн Хусайн пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи васалламдан уккан.Пайгамбарыбыз алейхис салам айткан: «Инна хаййатан фил машрик белдетен юкаалу лахаа Ош, ва хува хайрул булдан ва ахлуха афдалу алаа саайирил умам ва юхшарууна маъаш-шухадааил-билаад ва юхшару шухадаaухум маъал анбийааи» хадисинин маанисин билгин, Азирети Расулуллах саллаллаху алейхи ва саллам көңүл коюп айткан: чыгыш тарапта бир шаар бар атын хайрул булдан (аймактардын жакшысы) дешет жана Ош дагы дешет. Бардык шаарлардан жакшысы болот жана көптөгөн шаарлардан өзгөчө. Билгиле жана кабардар болгула Кыямат күнү ааманна жана саддакнаа[2] болгондо Ош калкы куш убакытта (жакшы абалда) болот жана ошол күнү Оштун калкы шейиттер менен бирге жана шейиттер пайгамбарлар менен бирге сурак болушат. Азирети Абу Хурайра разыяллаху анху Азирети Пайгамбар саллаллаху алейхи васалламдан рываят кылган. Расулу Акрам саллаллаху алейхи ва саллам айткан: «Акыр заман болгондо жер жүзүндө бир жамаат пайда болот. Алар Нух пайгамбардын муунунан болушат. Көңүлдөрү (жүрөктөрү) катуу жана мээримсиз болушат. Үммөттөрдүн арасында алардын көптөгөн жамандык-бузукулуктары болот. Кээ бир шаарларды алар талап-тоноп, динге чабуул жасашат.Кудай Таала Ош шаарын ал жамааттын

[1] И. Хаккы Үнал, «Шехирлерин фазилетийле илгили уйдурма хадислер ве «хайрул-булдан» рисалеси», **Анкара университеси илахият факүлтеси дергиси**, 41-т., 1-саны, Анкара 2000, 67-90-б.

[2] Ишенип тастыктайбыз деген мааниге келет жана көпчүлүк учурда аяттардан кийин колдонулат.

жамандыгынан өз коргоосунда сактайт. Андыктан күнөөсүз аймак дагы дешет. Хузейфе дыйкан улуу мужтахидул кирам (улуу аалым) рываят кылган. Расулу Акрам (Пайгамбар) саллаллаху алейхи ва салламдан сурадым: «Эй Алланын пайгамбары Ош элинин өзгөчөлүгүнөн бизге кабар берсеңиз. Азирети Пайгамбар алейхис салам мындай деп жооп берди: «Ош элинин касиети абдан көп. Анда бир тайпа эл жашайт. Алардын атын «кайтун» деп аташат. Алардын дини башка экен. Ош эли алар менен бирге көп казат кылат экен. Жана көп мужтахиддер мынтип рываят кылышкан: «Ар ким Ошко барса, бир түн жатса, же бир күндүз жатса, Ош элинен болот жана Кыямат күнү Ош эли менен бирге суракка тартылат. Жана дагы рываят кылышкан: «Ар адамдын убактысы жетип каза болсо, Ош жеринде көмүлсө, сооптун айынан мындай болот: өзгө жердин шейиттери менен бирге болушат. Жана сообу мындайча болот: амал жазуучуларжазуудан алсыз болушат.Жана алар менен бирге жамаат болуп намаз окуса, Кыяматта Ош эли менен бирге жерден баш көтөрөт (тирилтилет). Азирети амирул муъминийн (момундардын башкаруучусу) Умар разыяллаху анху айтты. Азирети Пайгамбардан мындай деп уктум. Азирети Расулуллах айтты: «Азирети Жабрайилден сурадым: Кыяматта Ош эли кимдер менен сурак болот. Азирети Жабрайил айтты: «Сиз менен бирге сурак болот жана бейиште да сиз менен бирге болушат. Азирети амирул муъминийн (момундардын башчысы) Али Шаймерден (жигиттердин шахы) айтты: «Мен Азирети Расулу Акрамдан мындай деп уктум. «Кыямат болгондо Оштун калкынын баары көздөрүнөн жүздөрү аптап сыяктуу ак жүздүү Буракка минген абалда келишет жана алардын кызматчылары нурдан кылычты колдоруна алып такбир, таълил айтып периштелер сап дейшет. Сап тутуп илгери-артка жүрүшөт.бейишке сый-урмат менен алып киришет. Азирети Уккаша разыяллаху анху бул сөздү уктум деп айтты: «тууба лакум йаа маъшарал-ажам» башкача айтканда Ош шаары бардык шаарлардан жакшысы жана мубаарак тоосу болот. Ар ким Ош жеринде бир алым даам же бир уурттам суу ичсе, көр азабынан жана жан ачыгынан жана мункер-некир сурагынан ишенимде болуп жана Сырат көпүрөсүнөн оңой өтөт. Дагы Салманы Фарисий разыяллаху анху рываят кылат: «Алланын элчисинен уктум. Ал өзүнүн мубаарак сөздөрү менен айтты: «Ал түнү мени Миражга алып барышты. Асманга чыкканда жер жүзүндө чыгыш тарапта бир нур көрдүм. Бакый көрүстөнүндөгү нурга окшоп

асманга көтөрүлгөн нур көрдүм. Боордошум Жабрайилден сурадым: «бул кандай нур?»-деп. Жабрайил алейхис салам жооп берди: «Эй Мухаммед! Ал нур Ош шаарынан чыгып турат жана ал шаарга хайрул булдан дешет. Илгерки өткөн заманда Азирети Сулайман алейхис салам ал шаарда жашап адилеттүү башкаруу кылчу. Ал тоодо бир мечит бар, Азирети Сулайман алейхис салам ал мечитте таат ибаадат кылып максаттарына жеткен эле. Ар ким ал жерге барып эки ирекет намаз окуса күнөөдөн тазаланат жана ал пенденин эч бир күнөөсү калбайт жана соoптон улам мындай болот төрт жүз ирекет өзгө жерде окугандай сооп табат. Азирети Алланын пайгамбары айткан эле: Жабрайилден уктум, ал айтты мен ошол жерде эки ирекет намаз окусам деп арзуу кылды. Ошол саатта Кудай Таала Жабрайилге буйруду. Жабрайил алейхис салам ал тоону көтөрүп алып келгин, сүйүктүүм Мухаммед ал тоодо жана ошол жайда эки ирекет намаз окусун. Ушундай чыгаргын, Оштун калкы билбесин жана эч ким көрбөсүн. Жабрайил алейхис салам Кудайдын амири менен Ош тоосун алып келди. Азирети Расулу Акрам ал мубаарак тоодо эки ирекет намаз окуду жана Азирети Сулайман алейхис салам дагы ошол жайда көп таат ибаадат кылган экен. Ал жаамы өткөн пайгамбарлардын акыларына дуба кылып жана жаамы күнөөкөр үммөттөрү үчүн кечирим тилеп, ал тоону ордун жиберишти жана аны Ош эли көргөн жок. Ошол үчүн ал тоонун атын «кухи барах-барах тоосу» (ачык дараксыз тоо) деп аташты. Мындай бир рываят кылышат. Азирети Юнус алейхис салам Ош шаарына келген эле. Оштун эли аларга токтоосуз ыйман келтиришкен. Ал тоодо намаз окуп таат кылып жана Ош шаарында экенде нечелеген убакыттан кийин Азирети Судайман алейхис салам Ош шаарына келип тактысын ал тоого коёт. Оштун калкы ага дагы ыйман келтиришет. Азирети Сулайман алейхис салам Ош эли үчүн дуба кылат. Ош эли куфрдан сактоосун тилешти. Сулайман алейхис салам дуба кылат. Ош шаарына куфр жайгашпайт, андан соң Оштун калкы Азирети Сулайман пайгамбарга арызданышты. Эй Алланын пайгамбары жана эй ааламдын падышасы Ош шаарынын суусу аздык кылып жатат, мынчалык көп жерге жетпей жатат. Эгерде сиз бир ылаажысын кылбасаңыз абалыбыз жаман болот деп арызданышат. Андан кийин Азирети Сулайман кеңешип дөөлөргө буйрук берет. Ал тоо эскиден ал сууну тосуп турар эле. Дөөлөр ал тоону кесип суусун Ош шаарына киргизишет. Андан кийин ошол заманадан ушул күнгө дейре Ош шаары суусу мол болуптур. Хожа Химай гази дыйкан азиз Ош

шаарына келген экен. Ал азиз Азирети Иса алейхис саламдын диндеринде болчу. Эки жүз жыл мөөнөт бир үңкүрдө ааламдын жаббарына (Аллага) таат кылган экен. Ал Ош калкы жана Ош шаарынын пазилетин уккан экен. Эй Кудай менин дагы сурагым Ош эли менен бирге болсун деп кайрылат. Кудай Таала ал азиздин дубасын кабыл кылат. Ал Ош шаарында каза табат жана анын күмбөзү намазжайдын алдында үңкүрдүн этегинде турат. Жана Мадинаи шарифтен кээ бир улуу адамдар аны зыярат кылууга келишет болчу. Дагы бир азиз Имран Хас аттуу Ошто жашаган экен. Жана ал аскербашчы экен. Ар күнү каапырлар менен казат кылат экен. №№№№ ал дилдени №№ кабырына коет экен. Жана анын кабыры намазгахка жакын жайгашкан. Ар ким ал азиз адамдын кабырын зыярат кылса, ар кандай муратына жетет. Ушундай рываят кылынат. Имам Исхак вели аттуу азиз адам Ош шаарында экенде андан мурун Азирети Меккетуллада имам эле жана Мекке эли ага ихластары көп эле. Анын жети жүз шакирттери бар болчу. Ар киши ага берилген эле. Баары мужтахид болушканда айтат экен (аларга) бардык азиздер Оштун касиети көптүгүнөн Ошто көмүлүшөт. Жана Хожа Аркам аттуу бир азиз бар экен. Ал кешиф ээси болгон. Анын ачык керемети мындпй болгон. Ошол мезгилде Ош калкы коргон курушкан экен. Бир чоң таш коргонго кыйшык экен. Оштун эли ал ташты коргонго (дубалга) коюуну чечишет. Башталышында ал таш болсун деп улуу-кичүү биригип ал ташты ордунан кыймылдата алышпай алсыз жана айран болушат. Акырында амир Хожа Аркам олуяга арызданышып айтышат: бизге жардам кылыңыз. Сабыр кылгыла деп жооп берет. Кеч кирди Хожа Аркам өзү жалгыз келип ал чоң ташты керемет менен көтөрүп коргондун түбүнө коет. Натыйжада коргондун оңдолуусу ал таш менен курулат. Жана мындай деп рываят кылынат. Хожа Ахмад Нарм он бир Ахмеддин бирөөсү экен. Рываят кылынганы боюнча бир күнү Рибаты Хавды Шимкеште олтурган эле. Бейиш хурилери көрүнүп мындай дешет: «Эй Хожа бизге караң, бизден жүз үйрүбөң. Эртең бешим намазы убактысында шейиттик шербетин ичип бизге кошуласыз дешип көздөн кайым болушат. Азирети Хожа Ахмед Нарм айран-таң калат. Эртеси Хожа Ахмед Нарм каапырлар менен уруш кылып жана көп согушуп, шейиттик даражасына жеткен экен. Хожа Ахмед Нарм жана Хожа Аркам эки улуу зат Ош тоосунун этегинде Рибаты Хавды Шимкеште көмүлүү жатышат. Ал эки азизди (ким) зыярат кылса, Алла Таала ар кандай мурат-максатына жеткизет иншааллах (Кудай буйруса).

Жана мындай рываят кылышат. Азирети Асаф ибн Бурхия Азирети Сулайман пайгамбардын тууганы дагы, увазири дагы экен. Алардын кылган кереметтери мындай экен. Белкыстын тактысын көз жуумп ачканча алып келген. Жана мындай деп Келамы Мажидде (Куранда) Кудай Таала кабар кылган: «Коолаллазий ъиндахуу ъилмун (минал)-китаби эне аатыйке (бихии) кабле ан йертедде илайка турфуука» жана акайид китебинин маселеси саналат. Олуянын керемети чындык. Азирети Асаф Ибн Бурхияны батыш тарапка жөнөтөйүн деп Азирети Жабрайил алейхис салам келип Азирети Сулайман пайгамбарга кабар кылат. Алла Тааланын буйругу ушул, Асаф Ош жергесинде көмүлсүн. Ар ким тилеги болгон болсо жана муктаждык-каалоосу болсо, оңой кылат деп убада кылыптыр. Жана дагы мындай рываят кылынат. Азирети Сулайман пайгамбардын доорунан бери төрт миң жыл өткөндө бул китепче пайда болду (жазылды). Ал убакта кыбыла Байтул Макдис экен жана намазды Байтул-макдиске карап окушат экен. Акыры заман Пайгамбарыбыз мезгилинде кыбыла Каъъба болду. Андай деп Хак Субхаанаху Таала Куранда кабар берген. Алла айтат: «(Фаваллуу) важхака шатрал масжидал-харам». Бул аят кыбыланын Каъба экендигине далил. Жана да мындай деп накыл кылышкан: «Кыямат күнү ааманна ва саддакнаа болгондо Ош жеринен бир нече миң садыктар жана бир нече миң Куран хафыздары жана бир нече миң ахли саха жана бир нече миң азиз жана машайыктар жана олуя жана асфиялар жана такыбаалар жана миңдеген шейиттер бар. Мынтип рываят кылышкан: ар кандай киши Ош жеринде бир түн таат- ибаадат кылса, сооптун айынан (улам) жетимиш мертебе ажылыкты таваф кылгандай болот жана жетимиш миң казат кылгандай болот. Жана атүгүл ар ким бул китепчени окуса же окутуп укса же өзү менен бирге кармаса, айтылган пайгамбарлар жана азиздер жана авлиялар жана мурунку өткөн пирлер ал кишини мурат-максатына жеткирип жана ага медет (көмөкчү) болушат. Эртеге Кыяматта шапаат кылат жана амал кылса эртеге Кыямат күнү жүзү он төрт түндөй кабат жарык болот жана күнөөдөн таза болот. Эң туурасын Алла билет.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кандемир, М. Яшар **Мевзу Хадислер**, Анкара 1980.

2. Үнал, И. Х,«Шехирлерин фазилетийле илгили уйдурма хадислер ве «хайрул-булдан» рисалеси», **Анкара университеси илахият факүлтеси дергиси**, 41-т., 1-саны, Анкара 2000, 67-90-б.